УДК 811
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-217-223

**Абдыкалыкова А.А.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aisuluua@mail.ru
**Жумадилова Н.С.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
n.jumadilova@mail.ru

# IV КЛАССТЫН «КЫРГЫЗ ТИЛИ» ОКУУ КИТЕБИНДЕ МАКАЛДАРДЫН, НАКЫЛ КЕПТЕРДИН БЕРИЛИШИ

**Аннотация.** Бул макалада накыл кептердин окуучулардын сөз байлыгын, аң-сезимин өстүрүүдөгү, тарбия, билим берүүдөгү орду, ролу тууралуу маселелерди иликтөөгө аракеттер жасалды. Сөз байлыгы – бул адам маанисин билип, өз кебинде колдонгон сөздөрдүн топтому. Баарыбызга белгилүү болгондой, накыл кептердин эзелтеден бери эле тарбиялык мааниси зор, эстеп калууга жеңил жана грамматикалык жактан ийкемдүү болгондуктан, тил үйрөнүүдө, окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүдө аларды орду менен колдонуу жакшы натыйжаларды берет.

Азыркы учурда таалим-тарбия берүүдө фольклорго болгон өзгөчө мамиле, ага баймабай кайрылуу абдан маанилүү. Фольклордун дидактикалык табияты тууралуу айтылган аныктама-түшүндүрмөлөрдү башталгыч мектептин мугалимдери терең өздөштүрүп, сабакта орундуу жана натыйжалуу колдонууга алдын-ала даярдык көрүп алышы зарыл деп эсептейбиз. Ошондой эле макалдар, накыл кептерди окутуп жатканда окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, деңгээлине жараша колдонууга болот. Окутуу процессинде окуучулардын пассивдүү да, активдүү да сөз байлыктарын өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Сөз байлыгы сөздүн маанисин түшүндүрүүнүн, жаңы сөздөрдү оозеки кеп менен жазууда да колдонуунун натыйжасында өркүндөйт. Кыргыз элинде таалим-тарбиялык маанидеги көптөгөн макалдар, накыл кептер бар. Биздин оюбузча, окутуу процессинде дал ушул сыяктуу мазмуну түпкү философиясы терең макалдарды колдонуу өзгөчө зарыл жана башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүдө максатка ылайыктуу.

**Негизги сөздөр:** накыл кептер, кеп өстүрүү, макалдар, лакаптар, оозеки кеп, тарбия, билим, башталгыч класстар, балдардын жаш өзгөчөлүгү, окуучулардын сөз байлыгы, фольклор, элдик оозеки чыгармачылык, дидактика, этнопедагогика, тил, табышмак, жаңылмач ж.б.

**Абдыкалыкова А.А.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек
aisuluua@mail.ru
**Жумадилова Н.С.**

старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек
n.jumadilova@mail.ru

## ОПИСАНИЕ ПОСЛОВИЦ И МУДРЫХ СЛОВ В УЧЕБНИКЕ «КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК» IV КЛАССА

**Аннотация.** В данной статье предприняты попытки исследовать роль пословиц в развитии лексического запаса, воспитании и роста сознания учащихся. Лексика – это совокупность слов, значение которых сознательно используются человеком в своей речи. Как известно, пословицы испокон веков имеют большое воспитательное значение: они легко запоминаются, развивают мыслительную способность, грамматически гибки, совершенствуют навыки связной устной речи, поэтому их правильное использование в изучении языка и развитии словарного запаса учащихся дает хорошие результаты.

В настоящее время очень важно иметь особое отношение к фольклору в образовании, чтобы показать меткость, выразительность устного народного творчества. Мы считаем, что учителям начальных классов необходимо глубоко освоить определения и пояснения о дидактической природе фольклора, заранее подготовиться к их правильному и эффективному использованию на уроке. Подача пословиц и поговорок при обучении должна преподноситься учащимся с учётом их возраста и уровня знаний. В процессе обучения необходимо уделять особое внимание развитию как пассивного, так и активного словарного запаса учащихся. Словарный запас обогащается в результате объяснения значения слов, использования новых слов, как в устной речи, так и в письменной форме. В кыргызском фольклоре существует множество пословиц, имеющих воспитательное значение для формирования полноценной личности. На наш взгляд, в учебном процессе особенно необходимо использование пословиц с глубоким философским содержанием для развития наблюдательности, речи и словарного запаса учащихся младших классов.

**Ключевые слова:** пословицы, речевое развитие, пословицы, поговорки, устная речь, воспитание, знание, начальные классы, возрастные особенности детей, словарный запас учащихся, устное народное творчество, фольклор, дидактика, этнопедагогика, язык, загадка, скороговорки и др.

**Abdykalykova A.A.**
candidate of Philological sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
aisuluua@mail.ru
**Zhumadilova N.S.**
his teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
n.jumadilova@mail/ru

## PRESENTATION OF PROVERBS AND WISE WORDS IN THE TEXTBOOK “KYRGYZ LANGUAGE” IV CLASS

**Annotation.** This article attempts to explore the role of proverbs in the development of vocabulary and consciousness of students, education, as well as the role of proverbs. Vocabulary is a set of words whose meaning a person knows and uses in his speech. As we all know, from time immemorial, proverbs have had great educational significance, they are easy to remember and grammatically flexible, so their correct use in language learning and the development of students' vocabulary gives good results.

Currently, it is very important to have a special relationship with folklore in education and to refer to it often. We believe that primary school teachers need to thoroughly master the definitions and explanations about the didactic nature of folklore, and prepare in advance for their correct and effective use in the lesson. Also, proverbs and sayings can be used depending on the age and level of students when teaching. In the learning process, it is necessary to pay special attention to the development of both passive and active vocabulary of students. Vocabulary improves as a result of explaining the meaning of words and using new words both spoken and written. The Kyrgyz have many proverbs and proverbs that have educational significance. In our opinion, the use of proverbs with deep philosophical content is especially necessary in the educational process, and this is suitable for the purpose of developing the vocabulary of primary school students.

**Key words:** proverbs, speech development, proverbs, sayings, oral speech, education, knowledge, primary grades, age characteristics of children, student vocabulary, oral folk art, folklore, didactics, ethnopedagogy, language, riddle, tongue twisters, etc.

Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүдө макал-лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлордун орду өзгөчө. Азыркы мезгилдин талабына ылайык окуучулардын сөзүн өстүрүү түшүнүктөрү ар бир класста алардын кебинин бай жана ар тараптуу болушу үчүн жөнөкөйдөн татаалдыкка карай өнүктүрүлөт. Ошонун негизинде окутууда мугалимдер практикалык багытты күчөтүп, теория менен айкалыштырууга жетишүүсү керек.

«Макал – адамдардын көп жылдардан бери келе жаткан философиялык ой корутундуларын жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларынын негизинен алынган, рифмалашкан жана ритмдешкен бир же бир нече сүйлөмдө ойду бүтүрө айткан, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгармалар. Адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы болгон макалдар дүйнөнүн бардык элине таандык болуп саналат, а түгүл айрым макалдардын мааниси окшош келет» [2]. Эгерде профессор К. Асаналиев менен Р.Кыдырбаева макалды элдик оозеки чыгармалардагы «жанрдын бир түрү» катары конкреттүү белгилешсе, профессор А.Муратов ж.б. аларды жалпылаштырып «фольклордук чыгармалар» катары карашат [1, 84-б.].

Сөз байлыгын күнүмдүк баарлашууда, окууда, айлана-чөйрөнү таанып-билүүдө колдонуу абдан маанилүү. Сөздөрдүн маанисин билүү жана сөз байлыгын окуу процессинде колдонууну бүтүн музыкалык чыгарма жаратууну мүмкүн кылган музыкалык сабаттуулук менен же сүрөт жаратуу үчүн аралаштырылып колдонулган боёктор менен салыштырса болот. Сөз байлыгы окууга үйрөтүүнүн негиздеринин бири болуп эсептелип, сөздөрдүн тизмесин өздөштүрүү менен гана чектелбейт. Окууга үйрөтүү жаатындагы көптөгөн изилдөөлөр башталгыч мектепте сөз байлыгын өстүрүү абдан маанилүү роль ойной турганын далилдейт, анткени ал текстти чечмелеп окууга да, окуган текстин түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө да жардам берет. Бир жагынан, түшүнбөгөн сөздөрдү окуу окуучуларга кыйын болот. Экинчи жагынан, тексттеги көпчүлүк сөздөрдүн маанисин билбесе, алар окуганынын маанисин

түшүнүшпөйт. Окуучулар окуп жаткан тексттеги негизги сөздөрдү түшүнүүсүн олуттуу түрдө жогорулатса, алардын шар окуусу да, жалпысынан, окуган текстти түшүнүүсү да жакшырарын окууга үйрөтүү практикасы көрсөтүүдө. Окуучулар сөз байлыгынын көпчүлүк бөлүгүн үй-бүлөдө, теңтуштары менен баарлашууда, жалпыга маалымдоо каражаттарынан, интернеттен алышат, күндөлүк жашоосунда үйрөнүшөт.

Азыркы учурда таалим-тарбия берүүдө фольклорго болгон өзгөчө мамилени, ага байма-бай кайрылууну да жогорудагылар менен түшүндүрүүгө болот. Фольклордун дидактикалык табияты тууралуу айтылган аныктама-түшүндүрмөлөрдү башталгыч мектептин мугалимдери терең өздөштүрүп, сабакта орундуу жана натыйжалуу колдонууга алдын-ала даярдык көрүп алышы зарыл деп эсептейбиз. Бул боюнча айрым маалыматтарды мугалимдер үчүн керектүү деп эсептеп, аларга орун берели. «Фольклор – элдик дидактика, фольклор – элдик таалим-тарбия илими … кылымдар бою калыптанган элдик дидактика фольклордук педагогикабыз, андагы элдик таалим-тарбия, дүйнөтааным принциптери, методдору, тарбиянын түрлөрү бүгүнкү күндө кыргыз атуулу үчүн эч нерсе менен алмашууга болбогон, ата-бабалар түзгөн адеп-ахлактык нормалар, эмгек, табыятка мамиле жасоо, гумандуулук, акылкөйлүк, Ата Мекенди сүйүү, ага кызмат кылуу ж.б. нормалары көөнөрбөс баалуулук катары бааланууга тийиш» [3, 225-б.]. «… тилдин касиетин, ийкемин, мүмкүнчүлүгүн, кудурет-күчүн, таасирин жана башка тилдин түзүлүшүн (грамматикасын) окутуу менен кенен жана терең түшүндүрүү мүмкүн эмес. Тилдин тоодой ойду томуктай сөзгө сыйдырган ийкемдүүлүгү, кылычынан кан тамганды тилинен бал тамганга жеңдирген күчү, өтө орой, өтө (катуу) өкүм кабарды кебездей жумшак бере алган тапкычтыгы, аңдап билүүгө, түшүнүүгө мүмкүн болбогондой кубулуш, көрүнүш, түшүнүктү ташка тамга баскандай так, кыска, нуска салган касиети ж.б. тууралуу табылгыс үлгүлөрдү фольклор гана бере алат» [3, 119, 242-247].

Биз бул макалабызда башталгыч класстардын 4-классынын окуу китебине накыл кептердин, макалдардын берилишине сересеп салууга аракеттер жасадык. А.Р.Акунова, Б.С.Чокошевалар тарабынан түзүлгөн 4-класстын “Кыргыз тили” окуу китебинде берилген макалдар менен накыл кептерди карап чыктык.

Б.С.Чокошева, А.Р.Акунова тарабынан түзүлгөн 4-класстын “Кыргыз тили” окуу китеби окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн 2015-жылы басылып чыккан [4, 136 б.].

Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн Б.С.Чокошева, А.Р.Акуновалар тарабынан жазылган 4-класстын “Кыргыз тили” [Б., 2015] окуу китебинде 2-сабакта “Кептин түрлөрү” деген темадан кийин И.Арабаевдин “Ата жана эне туурасында бир-эки ооз сөз” деген көнүгүү иштөө үчүн текст берилген. Темага байланыштуу 2-көнүгүүдө “Макалдын маанисин чечмелеп, жазуу кебин түзгүлө” деген тапшырмада “Ата – аскалуу тоо, Эне – боорундагы булак, Бала – ортосунда жанып турган шам чырак” [5, 6-б.] деген макалдар, 3-көнүгүүдө “Накыл сөзгө оозеки кепти уюштургула” деген тапшырмада «Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң» [5, 6-б.], 5-көнүгүүдө “Макалдарды көчүрүп жазгыла. Маанисин чечмелегиле” деп, анда да, ата-эне туурасында, тарбиялык маанидеги макалдар (Ата сыйлаган абийир табат, Эне сыйлаган элге жагат. Балдары жакшы болсо, ата-эненин кабагы жарык, Балдары жаман болсо, ата-эненин кабагы салык) берилет [5, 7-б.].

Макал-лакаптар, накыл кептерди окутуп жатканда окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, деңгээлине жараша колдонууга болот. М.: Жакшы бала элпек болот [5, 32-б.]; Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт. Жакшы болуу – аста-аста, жаман болуу – бир паста. Жакшыга жанаш, жамандан адаш [5, 43-б.]; Кийиминди жаңысынан сакта, Адебинди

жашыңдан сакта. Адептүү болсоң жашыңдан, Сый-урмат кетпейт башыңдан [5, 122-б.]. Ошону менен эле бирге билим туурасындагы макалдар окуу китебинде дээрлик баштан-аяк берилген: Билим алуу – ийне менен кудук казгандай. Билим – өнөр чырагы [5, 58-б.]; Билеги күчтүү бирди жыгат, Билими күчтүү миңди жыгат. Билимдүүнүн сөзү өткүр, Мергенчинин көзү өткүр [5, 59-б.]; Акыл – тозбогон тон, Билим – түгөнбөгөн кен [5, 67-б.]; Кийимиң менен мактанбай, билимиң менен мактан [5, 76-б.]; Билимдүү болсоң озорсуң, Билимсиз болсоң тозорсуң [5, 97-б.]; Китеп – билим булагы, Акыл оошот, Билим – өмүр чырагы. Билим жугушат [5, 123-б.]; Билимдин кени – китепте. Билимдүүнүн билими жугат [5, 125-б.]; Көп жашаган көп билбейт, Көп окуган көп билет [5, 130-б.] ж.б. Бул, биринчиден, окуучулардын өз билген макал-лакаптарын, накыл кептерин кайрадан эске түшүрүп, аны бышыктоого өбөлгө түзөт. Экинчиден, сиз айткан макалды, накыл кепти окуучу биринчи жолу угуп жатса, анын маанисин кошо түшүндүргөнүңүздө анын эс тутумунда жакшы калат. Үчүнчүдөн, макал-лакаптар, накыл кептер кыска, жаттоого оңой жана эс тутумунда жакшы сакталат. Демек, тил үйрөнүүдө макал-лакаптар, накыл кептерди колдонуу аркылуу ошол үйрөнүп жаткан тилдин дилин жакындан түшүнүүгө боло тургандыгын бүгүнкү күндөгү ааламдашуу жараянында билип олтурабыз. Кандай гана ааламдашуу шарты болсо да, тил үйрөтүүдө, окуучулардын кебин өстүрүүдө бир кездерде эл тарабынан жаралган фольклордун бир тармагы болгон макал-лакаптар, накыл кептер аркылуу үйрөтүү өз актуалдуулугун жоготпой келет, анткени макал-лакаптар, накыл кептер айтууга оңой, эске сактоого жеңил жана турмуштук философияга бай.

Андан соң окуу китебинде берилген накыл кептерди карап көрөлү. Окуу китебинде берилген накыл кептерге арналган көнүгүүлөр:

4-класстын I чейрегинде 2 көнүгүүдө берилген тапшырма. Окуу китебинде кандай берилсе, ошондой берүүнү туура таптык.

**3-көнүгүү. Накыл сөзгө оозеки кепти уюштургула.**

«Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң» [5, 6-б.].

**9-көнүгүү. Накыл сөздөрдү окуп чыгып, бир өңчөй мүчөлөрдү тапкыла.**

Акты, караны ылгай билген – акылдуу адам.
Ынтымак, ырашкерлик бар жерде ырыскы, береке бар.
Жаратылышты, жан-жаныбарларды коргоо керек.
Өнөр, билим өзү эле келе койбойт, эмгек, окуу менен келет.
Элди, жерди сүйүү – ар адамдын милдети [5, 20-б.].

II чейрегинде да 2 көнүгүүдө берилген.

**36-сабак. Сөз жасоочу мүчөлөр. Нускалуу ырлар**

Эстүү бала сабакка
Эрте туруп камынат.
Кийим кийип, жуунуп,
Китеби толук салынат.
Кайта-кайта сабагын
Бышык окуйт жаңылап.
Жакшы бүтсө окуусун,
Ырыс-бакка малынат.
Кээ бир жалкоо сабакты
Билбейт десе таарынат.
Мугалимдер сураса,
Жооп бербей жаңылат. О. Бөлөбалаев. [5, 58-б.].

**5-көнүгүү. Ырды окуп чыгып, «Нускалуу ырлар» менен салыштыргыла. Кандай окшоштукту байкадыңар? Айтып бергиле. Ырды жаттагыла.**

Кут алчу билим.

Эгер элиң эмгегиңди кааласа,
Ак дилиңден аткарып бер жараса,
Жалкоолонбо, ишиңди таштап койбо,
Сөз, ишиң бирдей болсун жарык жолдо.
Эрте туруп, кеч жаткын, илең болбо,
Эрте турган бакытты алат колго. Ж. Баласагын [5, 60-б.].

Ал эми III чейректе бир да накыл кеп тууралуу көнүгүү берилген эмес (3-чейрек эң узун чейрек экендигине карабастан).

IV чейректе болсо, 1 көнүгүүдө 3 накыл сөз берилген.

**3-көнүгүү. Накыл сөздөрдү байламталар менен толуктап жазгыла.**

1. Эртеңкиңди ойлосоң,
Элпек ... сылык бол.
2. Адептүүлүк ... маданияттуулук адамга көрк берет.
3. Токтоолук ... сабырдуулук – эстүү адамдын сапаттары [5, 138-б.].

Жыйынтыктап айтканда, баары биригип, 4-*класста 5 көнүгүүдө 11 накыл кеп* берилген. Анын ичинде 36-сабактагы "Сөз жасоочу мүчөлөр" деген темадагы берилген тапшырма "Нускалуу ырлар" берилген.

Окутуу процессинде окуучулардын пассивдүү да, активдүү да сөз байлыктарын өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Сөз байлыгы сөздүн маанисин түшүндүрүүнүн, жаңы сөздөрдү оозеки кеп менен жазууда да колдонуунун натыйжасында өркүндөйт.

Сөз байлыгын өстүрүү булактары болуп, окуучулардын сөз байлыгы түрдүү булактардын эсебинен байыйт, анын ичинде: чоң кишилер жана теңтуштары менен баарлашуу, мектептеги окутуу процесси; өз алдынча окуу, чоң кишилердин үн чыгарып окуп берүүсү, биргелешип окуу, медиа аркылуу (фильмдер, музыка, интернет, газеталар, журналдар, социалдык тармактар ж.б.); бай жана ар түрдүү баарлашуу чөйрөсүнүн жана окуунун таасири.

Ал башталгыч класста эне тилин окутууда лингвистика менен адабияттаануу илимдеринин негиздерин таанытуу менен чектелбей, эне тили аркылуу баланын рухун калыптандыруу, байытуу жана өркүндөтүү милдетин чечүүнү милдеттендирди. Ал милдет мектеп окуучуларына улуттук билим-тарбия берүү менен жүзөгө ашырыларын, аны жалпы улуттук деңгээлде кабылдоо жана чечүү зарылдыгын билдирип отурат [3, 18-б.].

Жыйынтыктап айтканда, биз бул чакан макалабызда макалдардын, накыл кептердин, таалим-тарбиялык, дидактикалык негиздерине карата айрым гана ой жүгүртүүлөрүбүздү сунуштадык. Кыргыз элинде таалим-тарбиялык маанидеги көптөгөн макалдар, накыл кептер бар. Биздин оюбузча, окутуу процессинде дал ушул сыяктуу мазмуну түпкү философиясы терең макалдарды колдонуу өзгөчө зарыл жана башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүдө максатка ылайыктуу.

**Адабияттар:**


1. Иманакунова К.Ш. Кыргыз макалдарын изилдөө маселелери. И.Арабаев ат.КМУнун "Жарчысы". – Бишкек, 2022, №4. – 84-б.
2. Муратов А. Адабият – ыйман сабагы. – Бишкек: Мектеп, 2014. – 85-б.
3. Рысбаев С.К. ж.б., "Адабий окуу", 4-класс, – Бишкек: "KIRLand", 2015-ж.

4. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы./Жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттери үчүн окуу куралы. – Mersin: 2020. -4-бас. – 225 бет.
5. Чокошева Б.С., Акунова А.Р. Кыргыз тили. 4-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2015. – 144 б.

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Кожомбердиева Ж.Т.**